**БЕКИТЕМИН**

2022-жылдын 22 августу

Директор: Мишии Косогич

## Биология кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча нускама

**Жалпы жобо**

1. Берилген нускаманын сакталышы биология сабагынан берген мугалимдер жана окуучулар учун милдеттуу;

2. Окуу жылынын башталышында окуучулар учун кабинетте иштоонун эрежелери менен тааныштыруу; мындай эрежелер менен тааныштыруу каминде ар бир жарым жылда откоруп туруу биология мугалимине милдеттендирилет;Инструктаж откорулгондугу жонундо атайын журналга белгилоо;

3. Биология кабинетинде иштоодо мугалимдер, лаборанттар жана окуучулар томондогу эрежелерди аткаруусу зарыл:

_ Кабинетте сырт кийимчен журууга тыюу салынат

( сырт кийимди гардеробко чечип келуу керек)

- Мугалимдин уруксатысыз кабинетке киргенге болбойт;
- Кабинетке тамак- аш, ар кандай суусундуктар жана чайноочу сагыз менен кируугe болбойт;
- Гигиеналык талаптарды аткаруу
- Биология кабинетинде окуу иштери мугалимдин көрсөтмөсү, окуу мекемесинин талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

4. Биология лабораториясында бардык иш чаралар мугалимдин козомолундо жана билим беруу методикасына  шайкеш келуусу зарыл;
5. Лабораторияда томондогудой иш чараларды откорууго болбойт:

- инфекциялык ооруулларды козгогучтар менен иштоо;
- гельминттер менен иштоо;
- кан менен жургузулгон иш чаралар;
- шишик ооруларын изилдоо;
- уулуу жана дары осумдук сырьелор менен иштоо;

6. Биология кабинетинде уулуу зат кармаган өсүмдүктөрдү өстүрүүгө тыюу салынат (олеандр, молочай ж.б.)
7. Биология лабораториясында 1- медициналык жардам корсотуу учун аптечка болуусу шарт ( медикаменттери менен)
8. Орт коркунучунан сактануу учун орт очургуч баллон болушу зарыл
9. Окуучулар кандай гана нормалдуу иштин бузулушун байкап калышса, дароо мугалимге же лаборантка кабарлоого милдеттуу

**Жумушту баштоонун алдындагы коопсуздук**

1. Мугалим жана лаборант лабораториялык сабак башталаардан 15 мүнөт мурун келип, кабинетти даярдоого тийиш
2. Мугалим жумуш баштоодон мурун төмөндөгүлөрдү текшерүүсү керек:
    - жумуш өтүүчү жерде мебелдердин бүтүндүгүн;
    - электр шаймандарын (резетки, выключатели ж.б.)
    - тех.документке ылайык жумушка керек болуучу каражаттарды толуктугун;

- приборлор жана лабораториялык идиштердин бүтүндүгүн;
- өрт өчүрүүдө колдонулган шаймандардын толуктугун, жок болсо алып келүү;
- аптечкаданы керектүү медикаменттер менен толуктоону;

3. Окуучулар сабакка расписаниеде көрсөтүлгөн убакыттан кечикпей келүүсү керек.
4. Сумка жана портфелдерди чыгаруу керек
5. Лабораториялык жумуш өтүүчү жерди даярдоо. Приборлорду керектүү жерлерге коюу.
6. Лабораториялык жумушту баштоодон мурун ар бир окуучу өзүнүн иш жерин текшериши керек. Кайсы бир нерсе туура эмес болсо, мугалимге же лаборантка кабарлоосу керек. Проблема чечилгенге чейин жумушту баштабай туруу керек.

**Лабораториялык жумуш учурундагы коопсуздук**

1. Жумуш учурунда биология кабинетинин тазалыгына, ырааттуулугуна көңүл бөлүү зарыл.
2. Окуучу мугалимдин көрсөтмөсү менен гана иш алып баруусу шарт.
3. Курч жана кесүүчү шаймандарды (скальпель, кайчы, ийне ж.б.) колдонууда кылдат мамиле кылуу зарыл.
4. Спиртовка колдонууда чачты, кийимди күйүүдөн сактоо, ооз менен уйлөөбөо керек. Өчүрүүдө атайын жапкыч менен жабуу жетиштүү.
5. Суюктук ысытууда пробирканы штатив менен кармоо, пробирканын башын өзүнө жана жанындагы окуучуга каратпоо керек.
6. Лабораториялык айнек идиштерди колдонууда этияттык мамиледе болуу (колдон түшүрбөө, сындырбоо ж.б.)

7. Микроскопто көрүү үчүн даярдалган препараттын жабуучу айнегин пайдаланууда, сөөмөй менен учун кармап, акырындык менен препаратты жабуу.
8. Кислоталык жана щелочтук эритмелерди пайдаланууда кийимди жана терини этияттоо керек.
9. Ууланyy жана аллергиялык реакцияларга кабылбоо үчүн өсүмдүктөрдү, козу карындарды жыттабоо, даамын татууга болбойт.

**Жумуш бүткөндөгү коопсуздук**

1. Жумуш бүткөндөн кийин окуучунун милдети:
   - жумуш ордун ирээтке келтирүү;
   - колун самындап жуу;
   - мугалимдин уруксаты менен гана кабинеттен чыгуу.
2. Жумуш бүткөндө кийин мугалимдин милдети:
   - Окуучулардын жумуш ордун ирээтке келтирүусүн көзөмөлдөө;
   - Шаймандардын, инструменттердин бүтүндүгүн көзөмөлдөө.
3. Жумуш бүткөндөн кийин лаборанттын милдети:
   - Колдонулган химреактивдерди жыйноо;
   - Колдонулган лаб.идиштерди жууп-тазалоо.
   - Инструменттерди, каражаттарды жыйнап алуу.
4. Лабораториялык жумуш бүткөндөн кийин мугалим жана лаборант колдорун самын менен жуушу керек.

**Өзгөчө кырдаалдарда коюлуучу талаптар**

1. Өрт же ж.б. кооптуу кырдаал учурунда мугалим окуучуларды чогултуп, коопсуз жайга алып баруусу,

коопттуу кырдаал буткөнгө чейин окуучулар менен болуусу зарыл.

2. Окуучулар жараакат алса, врач келгенге чейинки биринчи жардамды көргөзүү керек.

**Окуучулар үчүн биология кабинетинде иштөөнүн коопсуздук эрежелери.**

**1. Жалпы коопсуздук талаптар:**

1. Коопсуздук эрежелерине бардык окуучулардын, жумушчулардын баш ийүүсү керек.
2. Окуучу биология кабинетине мугалимдин уруксаты менен гана кире алат жана кабинеттеги ар кандай жумуштар мугалимдин уруксаты менен жүргүзүлөт.
3. Кабинетке ызы-чуу салбай, шашылбай кирип-чыгуу керек.
4. Портфель жана сумкалар менен кирүүгө тыюу салынат.
5. Кабинетте ичип-жегенге тыюу салынат.
6. Травма алуу коркунучу:
    - Электр тогу менен урунуу.
    - Айнек идиштин сынган бөлүгүнөн жаракат алуу.
    - Органикалык суюктуктар менен күйүү.
7. Кабинетке тиешеси жок буюмдарды алып кирбөө.

**2. Лабораториялык жумуш баштоонун алдындагы коопсуздук талаптар:**

1. Кабинетке мугалимдин уруксаты менен гана кирүү.
2. Электр жарыктарын жана электроприборлорун күйгүзбөө.
3. Өз алдынча терезени, форточканы ачпоо.
4. Жумуш ордун, керектүү буюмдарды сабакка даярдоо.
5. Атайын жумуштук кийим кийинүү.

6. Жумуш жасоонун алдынан жумуш жөнүндө жакшылап маалымат алуу.
7. Коопсуздук эрежелерине баш ийүү.

## 3. Лабораториялык жумуш учурундагы коопсуздук талаптар:

1. Биология кабинетинде окуучулар дисциплинага баш ийүүсү, тынчтыкты сактоосу, мугалимдин көрсөтмөлөрүнө баш ийүүсү керек.
2. Лаб.жумуштун ар бир этабына мугалимдин көзөмөлү менен гана өтүү зарыл.
3. Өз алдынча иш алып барууга болбойт.
4. Жылытуучу приборлорду көзөмөлсүз калтырганга болбойт.
5. Мугалимдин уруксатысыз кабинетке ар кандай буюмдарды алып кирүүгө болбойт.
6. Приборлор үчүн атайын кармагычтарды колдонгула.
7. Шиштүү буюмдарды колдонууда этияттык менен мамиле жасоо керек.

## 4. Лабораториялык жумуш бүткөндөгү коопсуздук эрежелери:

1. Мугалимдин көрсөтмөсү менен гана жумушту аягына чыгаруу, жумуш ордун ирээтке келтирүү керек.
2. Мугалимдин уруксатысыз кабинеттен ар кандай буюмдары алып чыгууга тыюу салынат.
3. Канализацияга ар кандай эритме, органикалык суюктуктарды куйбоо керек.
4. Жумуштан кийин колду самын менен жууш керек

## 5 Авариялык кырдаалдагы коопсуздук талаптары:

1. Травма алганда (күйүк, кесилүү) мугалимге же лаборантка кабар берүү.
2. Авариялык кырдаал болгон учурда мугалимдин көрсөтмөсү менен кабинеттен чыгуу.
3. Эритмелер, суюктук ж.б. заттар төгүлсө өз алдынча жыйнабай, мугалимге кабар берүү.

Өрт **учурунда биология кабинетиндеги коопсуздук талаптары.**

1. Негизги талаптар:
   - 1.1 Биология кабинети дайыма таза кармалуусу кажет.
   - 1.2 Эвакуациялык жолдорду ар кандай шаймандар менен тоспоо
   - 1.3 Өрт өчүргүч шаймандар алууга оңой болгон жерде туруусу керек.
   - 1.4 Лабораториялык жумуш бүткөн учурда приборлор электрден үзүлгөнүн текшерүү керек.
2. Тыюу салынат:
   - 2.1 Биология кабинетинде тамеки тартууга;
   - 2.2 Имаратта бат күйүүчү суюктуктарды сактоого;
   - 2.3 Дубал жана шып үчүн бат күйүүчү материалдарды колдонууга;

2.4 Электр шаймандарды электрге туташтырылган бойдон кароосуз калтырууга;

3. Өрт чыккан учурда жасалуучу аракеттер:

3.1 01 телефонго чалып өрт жөнүндө кабар берүү.

3.2 Окуучуларга, мугалимдерге өрт жөнүндө кабар берүү керек.

3.3 Бардык эвакуациялык жолдорду ачуу.

3.4 Имараттан баалуу, керектүү буюмдарды гана алып чыгуу (документ)

3.5 Чыгып жатканда терезе-эшиктерди жабуу керек.